Чыңгыз Айтматов

# ЧЫПАЛАК БАЛА





Бар экен, жок экен бир кемпир-чалдын бою чыпалактай баласы болгон экен. Чыпалак деген бала чыпалактай эле болгон. Аны карышкыр жутуп алыптыр...

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № б/н





Жок, элден мурун төө жеп коет. Чыпалак балтыркандын жалбырагына көлөкөлөп уктап калса, ошол жерде оттоп жүргөн төө жалбырак менен кошо аймап коюптур. «Төө жутканын  билбейт, кепшегенди билет», - деп ошондон улам айтылып калган тура.



Чыпалак төөнүн ичинен чыңырып жардам сурайт. Аны уккан абышкалар төөнүн курсагын жара тартып, баланы куткарып алыптыр.

Анан карышкыр жутуп алганы андан кызык. Суктугу да бөрүнүн, суктугунун азабын тартып, анан ыйлап жүрбөйбү.





Бир күнү желип-жортуп келатып , карышкыр Чыпалакка жолугуп калат.

– Кедеңдеген сен кимсиң? Жалмап коеюнбу? – дейт карышкыр.

– Кой, антпе, – дейт Чыпалак, – өзүңө жаман, ит кылып салам.



– Ха-халап... каткырат карышкыр.

– Карышкыр ит болуптур дегенди сага ким айтып жүрөт? Ушу кытмырдыгың үчүн жейм сени! – деп карышкыр баланы жутуп коет. Жутуп алып, эсинен чыгып кетет.






Койлорго жакындап келатканда эле ичинен Чыпалак кыйкырат: «Эй , койчуман, уктаба! Мен көк бөрү, коюңа кол салганы баратам!» Карышкырдын айласы кетет, жерге





ооналактайт, эки капталын кабат. Чыпалакка эмне, ого бетер кыйкырат: «Эй, койчулар, чуркагыла бери, ургула мени!» Койчулар карышкырды кууп калат, карышкыр куйругун кыпчып качып берет. Кууп келаткан койчулар өздөрү айран-таң. Бул эмнеси бөрүнүн, өзү качып барат да: « Кууп жеткиле!» – деп кыйкырып барат. Карышкыр болсо, эптеп качып кутуларын кутулат, бирок кутулганда эмне, курсагы ач да.



Ошентип кайда барса да, мал- жанга жакындаар замат ичинен Чыпалак кыйкырып, карышкырдын айласы түгөнөт, арыктап өлө турган болот, азууларын шакылдатып: «Эми эмне кылам, кайда барсам, балааны өзүм башыма үйүп  алдым», – деп соолуктап жатат. Анда ичинен Чыпалак шыбырайт: «Ташматка бар, койлору семиз! Байматка бар, иттери дүлөй. Эрматка бар, койчулары уйкучу».

Карышкыр уңулдайт: «Айтканыңа көнбөймүн, андан көрө адамга барам да, ит болуп жалданып алам», – дейт. Ошентип ит болуп калган экен.





КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № б/н

5Ос00Т

*«Бөбөктай» сериясы*

*Түзүүчүлөр:* Мирсултан кызы Эльнура
Өрнөкбек кызы Айпери

*Сүрөтчүсү:* Асылкеримов Самат



Akyl_kenchi

Тел.: 0 507 61 11 17